**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата биринчи расмий оппонент, социология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Укук философиясы жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун Социалдык изилдөөлөр борборунун жетекчиси Омуралиев Нурбек Ашымканович**

# СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтымышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

С.М. Камчибекованын сунушталган «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациялык иши актуалдуу илимий маселеге арналып, негиздүү тандалган.

Кыргыз республикасынын түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири мамлекеттин өнүгүү векторун ондогон жылдарга аныктоочу, позитивдик да жана негативдик да мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрдү. Азыркы Кыргызстандагы социология илиминдеги эң орчундуу маселелердин бири – иденттүүлүк жана иденттешүү процесси. Социология илиминде жарандык иденттүүлүк иденттешүү темасынын борбордук маселесинин болуп саналат. СССРдин өлкө



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № Дк-139-20
« 17 » 03 2022 ж

катары кыйрап жок болушу советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир союздук республика үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон суверендүү өлкөлөр жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, расмий бийлик органдары мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, ал эми окумуштуулар бул багыттарда илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат. XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси да иденттүүлүк маселелерине өз таасирин тийгизип, аны курчутуп, актуалдуулугун жогорулатты.

Суверендүү мамлекет катары жашоо жана ааламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы фундаменталдык баалуулуктарынын, максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди, коомдо “эски” жана “жаңы” түшүнүктөрдүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады. Азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку деңгээлге турган эски “советтик иденттүүлүк” бүгүнкү күндө өз күчүн жоготуп, “идеологиялык вакуум” пайда болду. Башкача айтканда, калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б. иденттүүлүктөр, улуу жана жаш муундун ортосунда иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмачылыктар. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калкта, айрыкча жаштардын арасында, түрдүү иденттүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, кыргыз этносунун баалуулуктарына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясынын кабыл алынышына алып келди.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин чечмелениши каралып жаткан теманын актуалдуулугун көрсөтөт. Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдиги жана мамлекеттүүлүктү сактоо маселелери менен тыгыз байланыштуу.

Ошондуктан С.М. Камчибекованын диссертациялык изилдөө темасы актуалдуу да, заманбап да болуп саналат.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

С.М. Камчибекованын илимий-изилдөөсүндө иденттүүлүк маселесинин алкагында өлкөдөгү жарандык иденттүүлүктүн абалы, анын этностук кесилиштеги айырмачылыктары жана келечекте Кыргыз жараны идентигин калыптандыруу багытында иш алып баруу үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгууда, изилдөө ишинин максатына ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкү натыйжалар алынган:

**1-жыйынтык**. Автор өзүнүн изилдөө ишинде иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин (психология, философия, социология жана антропология) алкагында салыштырып талдап, ар бир илимдин чегиндеги түрдүү теориялык концепцияларда ары татаал, ары көп кырдуу иденттүүлүк жогорку илимий деңгээлде ар тараптан чечмеленген.

**2-жыйынтык.** Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн диний, социалдык, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык-топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкен, ал эми жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети катары жетиштүү деңгээлде иликтенген эмес жана ал этностук кесилиште салыштырылып биринчи жолу талданган.

**3-жыйынтык.** Суверендүүлүк шартында кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы, анын жүрүшүндөгү тоскоолдуктар талданып, анын аймактык, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете электиги аныкталган.

**4-жыйынтык**. Кыргызстандын калкынын түрдүү этностук топторунун жарандык иденттүүлүгү жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендиги, өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары андап жете электиги эмпирикалык изилдөөнүн материалдарын негизинде айкын болгон.

**5-жыйынтык.** Ааламдашуу шартында жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулушу аркылуу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарынын коомдон сүрүлүп чыгарылуу коркунучу изилденип, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка суугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муундун калыптануу кооптуулугу каралган.

**6-жыйынтык.** кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал кыргыз коомунда жаңыдан гана калыптанып келе жаткан абалда. Жарандык иденттүүлүк багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде, диссертациялык иштин алкагында этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, аны бекемдөө, Кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу, мекенчилдик сезимин ойготуу, ага

стимул болуучу иш-чараларды, конкурсттарды уюштуруу сыяктуу тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертациянын ар бир түзүлүштүк бөлүгү негиздүү жыйынтыктары менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системалаштырылган, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү, айкын жана жарандык иденттүүлүк проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, иденттешүү процессин теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, жарандык иденттиктин мазмуну, калыптанышы жана өзгөрүшү жөнүндөгү корутундулар иденттүүлүк жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешин камсыз кылат. Жыйынтыктарын, илимий жоболорун негиздөө үчүн автор социология илиминин азыркы парадигмаларын жана методдорун колдонгон, бул ишенимдүү натыйжаларды алууга мүмкүндүк берген.

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер социология илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар диссертант тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

**Биринчиден**, иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерден төрт илимдин - психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралган. Алар адам баласын изилдөөдө ар башка багыттан карагандыктан: философияда, психологияда, социологияда жана антропологияда иденттүүлүк түшүнүгү ар түрдүү чечмеленген. Ошол эле учурда, бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социалдык билимдерде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда айкын болду. Иденттүүлүк боюнча билимдерди жалпылоодо мындай көп түрдүүлүк кыйынчылыктарды туудура турганы көрсөтүлгөн.

**Экинчиден**, чет элдик атайын адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында психологдор иликтеп башташкан. 1950-жылдардын соңунда бул категория социологдордун жана антропологдордун кызыгуусу артып, 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. 1970-1980-жылдары Э.Эриксондун эмгектери иденттүүлүктү илимдер аралык билим категориясы макамына көтөргөн жана ал жарандык иденттүүлүк маселесин да алып чыккан. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүк маселесин символикалык интеракционизм, түзүлүштүк-функционалдык, социалдашуу, феноменология, ролдук жана референттик топтор теорияларынын алкагында

изилдешкен. Иденттүүлүк маселеси дүйнө окумуштууларынын илимий эмгектеринде ар тараптуу изилдегендигине карабастан, кыргыз коомундагы азыркыга чейин жетиштүү иликтене элек. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүк маселесине суверенидүүлүк мезгилинде кайрылышкан. Алар социалдык, диний, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, саясий, маданий, тарыхый, демографиялык-топтук иденттүүлүктөрдү талдашкан. Жарандык идентүүлүктү өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, ал этностук кесилиште салыштыруу менен таптакыр талданган эместиги көрсөтүлгөн.

**Үчүнчүдөн**, Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү адамда туруктуу компоненттерде жашайт жана алар аркылуу кийинки муундарга өткөрүлүп берилет. “Ааламдык жарандыкты” калыптандырган компонеттер универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген. Ал эми жарандык иденттүүлүк улуттук деңгээлинде адам ааламдык баалуулуктардан айырмаланган өзүнүн этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна: өзүнүн этностук тегине гана тиешелүү сапаттарга (баатырдык, тайманбастык), символдорго (калпак, түндүк), баалуулуктарга (мекенчилдик, эл-жерин сүйүү) негизделип, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Адам өзүнүн таандыгын кабыл алган топтордун жана өздөштүргөн өздүк баалуулуктарынын тутмундагы жарандык таандыгын бекемдөөчү негиздер инсандын жарандык иденттик түшүнүгүн түзөт. Ушул жарандык иденттикти алып жүрүүчү, анын муундан-муунга өтүүчүлүгүн камсыз кылуучу компонеттери катары улуттун тили, социомаданий, саясий жана диний баалуулуктары, мекенчилдик салты негизги кызматтарды аткарышат. Алар Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин актуалдашып, алдыңкы орунга чыгып, коомчулукту ойлонткон көйгөйгө айланды. Анткени, жарандык иденттүүлүк мамлекеттин туруктуулугу, коопсуздугу менен байланышкан маселе болгондуктан ага коом таануучу окумуштуулар да көңүлүн бурду. Суверендүүлүк шартында кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы оор жүрүп, кыйынчылыктар, чечилбеген көйгөйлөр менен коштолууда. Жарандык иденттүүлүктүн кыргыз коомундагы азыркы абалы жергиликтүү, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк кылган абалга жете электиги далилденген.

**Төртүнчүдөн**, ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук аспекттерди талдоо анда туруктуу жашаган этникалык топтордун маанайы, өзүн сезиши (самочувствие) боюнча көйгөйлүү маселелер айкындалды. Өздүк изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын курамындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин көрсөттү. Анын себептеринин бири тил маселеси, тагыраак айтканда мамлекеттик тилди билүү деңгээли, деп түшүндүрүүгө болот. Анткени, дунган, тажик, орус тилдери кыргыз, өзбек, казак тилдери сыяктуу түрк

тилинин тобуна кирбейт жана бул фактор алардын титулдук улут – кыргыздар менен баарлашуусунда терс таасирин тийгизип турат. Изилдөөнүн натыйжаларында жарандардын этностук таандыгы алардын Кыргызстанды мекени катары эсептешине жана өзүнүн жарандыгынан канааттанышына түздөн-түз таасир тийгизиши анык болду. Бирдиктүү жарандык коомду түзүү жана түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо, калктын этностук айырмачылыгын жана иденттештирүүнүн жигердүү агенттери болгон, социалдык институттардын түрдүү этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Жалпысынан, суверендүүлүк жылдарында өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук топторунун баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжалары аныкталган.

**Бешинчиден**, кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын иликтөө төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди: XXI кылым эл аралык, социомаданий байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. Батыш маданиятында пайда болгон, адам укугу баалуулугуна жамынган, адамдын жаратылышына тескери кээ бир псевдо баалуулуктардын универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык баалуулуктарга, анын ичинде, кылым карыткан кыргыз улуттук маданиятына терс таасирин тийгизүүдө. Мындай шартта улуу муунда улуттук баалуулуктарды түзүү, аларды сактап калуу аракети, жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары байкалууда. Батыш баалуулуктарына негизделген жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгарышы мүмкүн. Анткени, улуттук иденттүүлүк көз караштарынын өкүлдөрүнүн жоголушу, калыптанып келе жаткан иденттүүлүктү тутунган, ааламдашуу шартына ыңгайлашкан муундун түптөлүшүнө алып келет. Мындай абал мамлекеттин келечегине кайдыгер, мекенчилдик түшүнүгү бошоң, улуттук маданиятка суугарылбаган, көкүрөгү бош муунду калыптандырат. Ошондуктан ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Ошондуктан, кыргыз коомунда тил, каада-салт, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдик сыяктуу жарандык идентиктин компоненттерде кээ бир кризистик абалдар байкалууда. Жарандык иденттүүлүктөгү мындай абалдан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта бийлик түзүмдөрүнүн, социалдык институттардын максаттуу, комплекстүү иш-аракеттери талап кылынаары тастыкталган.

**Алтынчыдан**, кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал учурда кыргыз коомунда жаңыдан гана калыптанып келе жаткан абалда. Кыргыз жараны иденттигин калыптандыруу багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында тажрыйбалык сунуштар иштелип

чыккан. Алар жарандык иденттикти калыптандырууда үй-бүлөгө таянуу, кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу, мекенчилдик сезимин ойготуучу, жандандыруучу, стимул болуучу иш-чараларды, конкурсттарды уюштуруу, чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларын түзүү, улуттук баалуулуктардын тарыхы, маани-мазмуну, функционалдуулугу тууралуу маалыматтарды ММК, социалдык тармактар аркылуу системалуу берүү, кыргыз иденттүүлүгүн сактоо, бекемдөө боюнча иш алып баруу зарылдыгы ырасталган.

**4. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражасы.**

Диссертант ата мекендик социологиялык илимдердин деңгээлинде биринчи жолу Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты ар тараптуу талдоо жүргүзгөн. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынган:

**1-жыйынтык**. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү социалдык билимдердин (психология, философия, социология, антропология) алкагында каралып, ар бир илимдин чегиндеги түрдүү теориялык концепцияларда ары татаал, ары көп кырдуу иденттүүлүк жогорку илимий деңгээлде ар тараптан салыштырылып биринчи ирет чечмеленгенин автордун илимий ишинин жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**2-жыйынтык**. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн диний, социалдык, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык-топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкендигине карабастан, жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети жетиштүү деңгээлде иликтенбеген жана ал этностук кесилиште салыштырылып биринчи жолу талданган.

**3-жыйынтык**. Биринчи жолу социологиялык изилдөөлөрдүн, жаңы эмпирикалык материалдарынын негизинде эгемендүүлүк учурундагы кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы, анын жүрүшүндөгү тоскоолдуктар талданып, анын аймактык, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете электиги аныкталган.

**4-жыйынтык**. Кыргызстандын калкынын этностук топторунун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендиги, өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары андап жете электиги өздүк изилдөөнүн эмпирикалык материалдарынын негизинде биринчи жолу ишенимдүү айкын болгон.

**5-жыйынтык**. Ааламдашуу шартындагы жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулушу аркылуу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарынын коомдон сүрүлүп чыгарылуу коркунучу изилденип, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка суугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муундун калыптанышы менен

кооптуулугу каралган. Жарандык иденттүүлүк темасы кыргыз социология илиминде мурда бул багытта комплекстүү изилденген эмес.

**6-жыйынтык**. Автордун бул эмгегин теориялык булактарга жана эмпирикалык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот. Бул аракет иштин ар бир жыйынтыгынын жана корутундусунун негиздүүлүгүн, ынанымдуулугун, далилдүүлүгүн ырастап турат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын ички биримдигин актуалдуу маселени чечүүгө багыттуулугун баалоо.**

Диссертанттын изилдөө ишинин натыйжаларынын негиздүүлүгүнө, ишенимдүүлүгүнө жана жаңылыгына болгон талдообуз көрсөткөндөй, ар бир алынган натыйжа изилдөөнүн ички логикасына туура келет жана жыйынтыктар диссертациялык иште коюлган максатка шайкеш болуп, өз ара биримдикте жана бүтүндүктө жазылган.

Сунушталган диссертациялык ишти жаңы илимий эмгек катары мүнөздөсө болот, анкета анын корутундулары социология илимдеринин ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүк 1991-жылдан кийин алдыңкы орунга чыгып, азыр калыптануу мезгилин башынан өткөрүп жатат. Коомдун келечектеги өнүгүшүндө жарандык иденттиктин коомдогу орду жана ролу логикалык бүтүндүктө каралып, актуалдуу маселе болгон кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдөгү анын мааниси көрсөтүлгөн.

С.М.Камчибекованын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темада жазган диссертациясы Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүктүн абалы, жана келечектеги өнүгүшүн негиздүү, комплекстүү изилдөөгө алынган илимий эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдврынын ишин оптималдаштырууда, алардын коомдогу ордун жогорулатууда жана Кыргыз жараны иденттигин калыптандырууда, аны коомдо терең жайылтууда өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыккан актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Диссертациянын натыйжалары изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор жарандык иденттүүлүккө арналган маселелер боюнча атуулдук идентештирүү саясатынын маселелерин иштеп

чыгууга, жарандык улутту калыптандыруу ишин мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Автор тарабынан 2013-жылдан баштан изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык методдорду колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар жана тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо методун колдонуу менен ишке ашкан. 2016-жылы диссертациянын темасы боюнча “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” деген темада Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча социологиялык массалык сурамжылоо жүргүзгөн. Анда түрдүү этностук топторду камтыган жергиликтүү калкка анкеталык сурамжылоо жүргүзүлүп, бардыгы болуп 1200 респондентке массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-22 атайын программасында иштелип чыкты. Географиялык курчоо: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарын камтыган. Сурамжылоодон топтолгон материалдар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданган. Бул изилдөөнүн материалдарын окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ишин оптималдаштыруу үчүн колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле келечекте жарандык иденттүүлүк тармагындагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларды, документтерди иштеп чыгууга, иденттештирүү ишиндеги методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын коомдун мекенчилдик баалуулугун жогорулатуудагы иштеринде жана жарандык иденттештирүүдө изилдөөнүн натыйжаларын жана иштелип чыккан сунуштарын өлкө боюнча колдонууга мүмкүн.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттери автореферттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде шайкеш резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациялык темага байланыштуу автордук жарык көргөн эмгектеринин мазмунунун диссертациянын илимий жыйынтыктарына, каралган жоболоруна, корутундусуна жооп бериши.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 12 илимий макаласы, анын ичинен 4 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөр да орун алган. Ошондуктан каалоо иретинде төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Өткөрүлгөн социологиялык изилдөөлөрдө өлкөнүн түндүк аймагындагы этностор да (дунгандар) камтылса изилдөөнүн ишенимдүүлүк деңгээли дагы утушка ээ болмок.
2. Жарандык иденттиктин Кыргызстандагы этностор аралык мамилени чындоого таасирин көрсөтүлгөн эмес. Бул изилдөө иштин салмагын дагы көтөрмөк.
3. Диссертациянын текстинде кээ бир техникалык каталар кездешет, аларды кайрадан карап чыгуу зарыл.

Бирок аталган кемчиликтер диссертациянын жогорку илимий деңгээлин төмөндөтө албайт.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун талаптарына шайкештиги.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы өз алдынча даярдалган илимий жыйынтыктары ынанымдуу, социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо турган илимий эмгек болуп саналат. Ошондуктан анын автору социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептеймин.

**Социология илимдеринин доктору,**
**профессор, Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук илимдер академиясынын**
**философия, укук жана социалдык-саясий**
**изилдөөлөр институтунун Социалдык**
**изилдөөлөр борборунун жетекчиси** **Н.А.Омуралиев**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги:социологиялык өңүттө» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата экинчи расмий оппонент, социология илимдеринин кандидаты, Жусуп Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасы Мусаева Айгуль Каныбековна**

# СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө»деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

С.М. Камчибекованын коргоого сунушталган «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациялык ишинде кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин иденттүүлүк нугунда иликтенип, чечмелениши диссертациялык теманын актуалдуулугун көрсөтөт. Кыргыз Республикасынын өнүгүү жолунун акыркы 2-3 он жылдыгы тарыхый окуяларга толгон. Алардын арасынан жарандык иденттүүлүк менен байланыштагы өзгөрүүлөрдүн таасири өзгөчө болуп, мамлекеттин өнүгүү



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-140-20
«18» 03 2022 ж

багытын аныктап, улуттун кызыкчылыгын коргоо өңүтүндө оң жана терс мүнөздөгү процесстерди чакырган.

Кыргызстандагы социология илиминдеги учурдун эң орчундуу маселелердин бири – иденттүүлүк жана иденттешүү кубулуштары. Жарандык иденттүүлүк, иденттешүү коомубуздун көңүл бураарлык маселелелеринин бири болуп калды. СССРдин мамлекет катары жок болушу советтик иденттүүлүгү аркылуу бириккен республикаларда өзүнүн этностук, социомаданий иденттүүлүктөрү менен катар эле жарандык иденттигин да аныктоо зарылдыгын жаратты. Бул жаңы суверендүү мамлекеттер жарандык иденттиктин өзөгү болгон улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, жаңы бийлик органдары жалпы өлкө жана жарандык коом деңгээлдеринде бир катар иш-аракеттерди, ал эми окумуштуулар илимий изилдөөлөр менен алектенип жатышат. Ааламдашуу процесси да иденттүүлүк маселелерине өз таасирин тийгизип, аны курчутуп, жарандык иденттикти жогорку деңгээлде актуалдаштырды.

Ааламдашуу шартында көз карандысыз мамлекет сыпатта жашоо адамзаттык баалуулуктарды жана бүтүндөй жашоо философиясынын өзгөрүшүнө алып келди. Натыйжада коомдо “эски” менен “жаңы” ортосундагы тирешти жаратты. Иденттүүлүк деңгээлинде болсо советтик жана Кыргыз жараны иденттүүлүктөрүнүн тиреши. Күчтүү коммунисттик идеологияга таянган советтик иденттүүлүк бүгүнкү күндө азыктанган идеологиясыннан ажырап, өз күчүн жоготту. Башкача айтканда, жок болуп бара жаткан эски иденттиктин өкүлдөрү болгон улуу муун менен калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук иденттүүлүктү жактаган жаш муундун иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмачылыктар пайда болду. Ошол эле учурда бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугу айрыкча жаштардын арасында түрдүү иденттүүлүктөрдүн калыптанышына түрткү болду. Себеби, пайда болгон идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинен улам кирген, кыргыз улуттук дөөлөттөрүнө туура келбеген, батыштын жат баалуулуктар ээлеп, жаңңыга жакын жаш муунга терс таасирлерин тийгизип жатат. Бул кризистик абал мамлекеттин этникалык саясатынын эффективдүүлүгүн көтөрүү жана этностордун биримдигин бекемдөө максатында өлкөдө программалык документтерди кабыл алып, иш-чараларды турмушка ашырууда. Ошондой расмий документтердин бири 2020-жылдын ноябрь айында кабыл алынган КРда 2021-2026-жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча Концепциясы болуп эсептелет.

Иденттүүлүк маселеси Кыргыз Республикасы сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн калктын биримдиги камсыз кылуу жана мамлекеттүүлүктү бекемдөө менен тыгыз байланышта. Бул С.М. Камчибекованын диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугун айгинелейт. Ал эми анда кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, азыркы абалы жана келечеги этностук кесилиште биринчи жолу терең талданып жатышы, ошондой эле коомдогу улуттук, тилдик, диний

иденттүүлүктөр, мекенчилдик маселелеринин жарандык иденттик менен айкалышта чечмелениши каралып жаткан илимий иштин актуалдуулугун көрсөтөт.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

С.М. Камчибекованын илимий изилдөөсүнүн алкагында Кыргыз Республикасындагы жарандык иденттүүлүктүн абалы, анын этностук кесилиштеги айырмачылыктарын аныктоодо жана келечекте Кыргыз жараны иденттигин калыптандыруу багытында иш алып баруу үчүн практикалык сунуштарды иштеп чыгууда, изилдөө ишинин максатына ылайык, жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн негизинде төмөндөкү натыйжалар алынган:

**1-жыйынтык**. Автор өзүнүн изилдөө ишинде иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында салыштырып талдап, ал илимдердин чегиндеги түрдүү теориялык концепцияларда көп кырдуу жана татаал иденттүүлүк илимий категориясы жогорку теориялык деңгээлде чечмеленген.

**2-жыйынтык**. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн социалдык, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык, диний ж.б. түрлөрүн изилдешкен, ал эми жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети катары алгачкылардан болуп этностук кесилиште салыштырылып талданган.

**3-жыйынтык**. Эгемендүүлүк шартында кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы, анын жүрүшүндөгү көйгөйлөр талданып, жарандык иденттүүлүктүн аймактык, уруулук жана этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете электиги аныкталган.

**4-жыйынтык**. Кыргыз Республикасындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттүүлүгү жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендиги, алар өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары андап жете электиги эмпирикалык изилдөөнүн материалдарын негизинде айкын болгон.

**5-жыйынтык**. Ааламдашуу шартында жаштардын дүйнөлүк баалуулуктарга умтулушу, аларды улуттук салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарынын жогору коюшу жана аны менен байланышкан коопсуздук изилденип, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка суугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муундун калыптануу коркунучу каралган.

**6-жыйынтык**. Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү мамлекетүүлүктүн сакталышынын кепилдиги. Ал кыргыз коомунда калыптануу баскычында. Жарандык иденттүүлүк багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде, диссертациялык иштин Кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу, алкагында этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык

иденттүүлүктү калыптандыруу, аны бекемдөө, атуулдардын мекенчилдик сезимин ойготуу боюнча тажрыйбалык сунуштар иштелип чыккан.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертация ар бир бөлүгү негиздүү жыйынтыктары менен корутундулаган актуалдуу илимий изилдөө иш болуп саналат. Жыйынтыктар системага келтирилип, иштин мазмунуна туура келген корутунду түрүндөгү сунуштар жана маалыматтар илимий бүтүндүккө бириктирилген. Диссертант тарабынан алынган жаңы илимий натыйжалар ишенимдүү жана айкын,. Алар жарандык иденттүүлүк проблематикасын мындан ары иликтөө үчүн маанилүү концептуалдык–методологиялык мааниге ээ болуп, иденттешүү процессин теориялык изилдөө негиздерин кеңейтүүгө мүмкүндүк түзөт. Ошондой эле, жарандык иденттиктин мазмуну, калыптанышы жана өзгөрүшү жөнүндөгү корутундулар иденттүүлүк жөнүндөгү социологиялык билимдердин терендешине өбөлгө болот. Жыйынтыктарын, илимий жоболорун негиздөө үчүн автор тарабынан социология илиминин азыркы парадигмалары жана методдору колдонулган, бул ишенимдүү натыйжаларды алууга шарт түзгөн.

Изденүүчү диссертацияда алган жаңы жыйынтыктарды, корутундуларды, пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Алар социологияда олуттуу мааниге ээ. Илимий изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар диссертант тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

**Биринчиден**, иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерде психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралган. Алар адамды изилдөөдө ар башка ракурста карагандыктан философияда, психологияда, социологияда жана антропологияда иденттүүлүк түшүнүгү ар түрдүү чечмеленген. Ошол эле учурда, бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда да иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социалдык билимдерде жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда айкын болду. Иденттүүлүктү изилдөөдө, аны түшүнүүдө мындай көп түрдүүлүк кыйынчылыктарды туудура турганы көрсөтүлгөн.

**Экинчиден**, чет элдик атайын адабияттарды талдоо көрсөткөндөй, иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында психологдор иликтеп башташкан. 1950-1960-жылдарда бул категорияга социологдордун жана антропологдордун кызыгуусу артып, теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. 1970-1980-жылдары Э.Эриксондун эмгектери иденттүүлүктү илимдер аралык категория макамына көтөрүп, жарандык иденттүүлүк маселесин алып чыккан. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүктү символикалык интеракционизм, түзүлүштүк-функционалдык, социалдашуу, феноменология, ролдук жана референттик топтор теорияларынын алкагында изилдешкен. Бирок, иденттүүлүк маселеси кыргыз коомундагы азыркыга

чейин жетиштүү иликтене элек. Ата мекендик окумуштуулар иденттүүлүккө эгемендүүлүк мезгилинде кайрылышкан. Алар социалдык, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, саясий, маданий, тарыхый, диний, демографиялык-топтук иденттүүлүктөрдү талдашкан. Жарандык идентүүлүк гана өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүнүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбей калган. Ал этностук кесилиште салыштыруу менен таптакыр талданбагандыгы көрсөтүлгөн.

**Үчүнчүдөн**, Адамдын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү туруктуу компоненттерде жашайт жана алар аркылуу кийинки муундарга өткөрүлүп берилет. “Ааламдык жарандыкты” калыптандырган компонеттер универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген. Ал эми жарандык иденттүүлүк улуттук деңгээлинде адам ааламдык баалуулуктардан айырмаланган өзүнүн этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна таянат. Адам өзүнүн этникалык тегине гана тиешелүү сапаттарга (баатырдык, тайманбастык), символдорго (калпак, түндүк), баалуулуктарга (мекенчилдик, эл-жерин сүйүү) негизделип, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Адам өзүнүн таандыгын кабыл алган топтордун жана өздөштүргөн өздүк баалуулуктарынын тутмундагы жарандык таандыгын бекемдөөчү негиздер инсандын жарандык иденттик түшүнүгүн түзөт. Ушул жарандык иденттикти алып жүрүүчү, анын муундан-муунга өтүшүн камсыз кылуучу компонеттери катары улуттун тили, социомаданий, саясий жана диний баалуулуктары, мекенчилдик салты негизги кызматтарды аткарышат. Алар Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин актуалдашып, алдыңкы орунга чыгып, коомчулуктун көңүл чордонунан орун алды. Себеби, жарандык иденттүүлүк мамлекеттин туруктуулугу, коопсуздугу менен байланышкан маселе. Ага коом таануучу окумуштуулардын кызыгуусу да мыйзам ченемдүү. Суверендүүлүк шартында кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы оор жүрүп, кыйынчылыктар, чечилбеген көйгөйлөр менен коштолууда. Жарандык иденттүүлүктүн кыргыз коомундагы азыркы абалы жергиликтүү, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк кылган абалга жете электиги далилденген.

**Төртүнчүдөн**, глобалдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук аспекттерди талдоо, анда туруктуу жашаган этникалык топтордун маанайы, өзүн сезиши (самочувствие) боюнча көйгөйлүү маселелер айкындалды. Өздүк изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын курамындагы түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин көрсөттү. Анын себептеринин бири тил маселеси, тагыраак айтканда мамлекеттик тилди билүү деңгээли, деп түшүндүрүүгө болот. Айтсак, дунган, тажик, орус тилдери түрк тилинин тобуна кирбейт. Бул фактор алардын титулдук улут – кыргыздар менен баарлашуусунда терс таасирин тийгизип турат. Изилдөөнүн натыйжаларында жарандардын этностук

таандыгы алардын Кыргызстанды мекени катары эсептешине жана өзүнүн жарандыгынан канааттанышына түздөн-түз таасир тийгизиши анык болду. Бирдиктүү жарандык коомду түзүү жана түрдүү этникалык топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо, калктын этностук айырмачылыгын жана иденттештирүүнүн жигердүү агенттери болгон, социалдык институттардын түрдүү этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Жалпысынан, суверендүүлүк жылдарында өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук топторунун баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжалары аныкталган.

**Бешинчиден**, коомундогу жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын иликтөө төмөндөгүдөй жыйынтыктарга алып келди: XXI кылым эл аралык, социомаданий байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. Батыш маданиятында пайда болгон, адам укугу баалуулугуна жамынган, адамдын жаратылышына тескери болгон псевдо баалуулуктар, жалпы адамзаттык универсалдык баалуулуктар менен катар кыргыздын улуттук маданиятына терс таасирин тийгизип, бир катар тообокелдиктерди жаратууда. Мындай шартта улуу муунда улуттук баалуулуктарды түзүү, аларды сактап калуу аракети, жаштарда дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары байкалууда. Батыш баалуулуктарына негизделген жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгаруу тобокелдигин жарататат. Анткени, улуттук иденттүүлүк көз караштарынын өкүлдөрүнүн жоголушу, калыптанып келе жаткан иденттүүлүктү тутунган, ааламдашуу шартына ыңгайлашкан муундун түптөлүшүнө алып келет. Мындай абал мамлекеттин келечегине кайдыгер, мекенчилдик түшүнүгү бошоң, улуттук маданиятка сүугарылбаган, көкүрөгү бош муунду калыптандырат. Ошондуктан ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Ошондуктан, кыргыз коомунда тил, каада-салт, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдик сыяктуу жарандык иденттиктин компоненттерде кээ бир кризистик абалдар байкалууда. Жарандык иденттүүлүктөгү мындай абалдан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта бийлик түзүмдөрүнүн, социалдык институттардын максаттуу, комплекстүү иш-аракеттери талап кылынаары тастыкталган.

**Алтынчыдан**, жарандык иденттүүк – мамлекеттин идеологиясынын мазмундук уюткусу болуп саналат. Кыргыз коомунда учурда ал жаңыдан калыптанып келе жатат. Кыргыз жараны иденттигин калыптандыруу багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында практикалык сунуштар иштелип чыккан. Алар жарандык иденттикти калыптандырууда үй-бүлөгө таянуу, кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу, мекенчилдик сезимин ойготуучу, жандандыруучу, стимул болуучу иш-чараларды, конкурсттарды

уюштуруу, чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларын түзүү, улуттук баалуулуктардын тарыхы, маани-мазмуну, функционалдуулугу тууралуу маалыматтарды ММК, социалдык тармактар аркылуу системалуу берүү, кыргыз идентүүлүгүн сактоо, бекемдөө боюнча иш алып баруу зарылдыгы ырасталган.

Диссертант изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз социология илиминде олуттуу мааниге ээ.

**4. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражасы.**

Диссертант ата мекендик социология илиминин деңгээлинде алгачкы ирет Кыргызстанда жашаган негизги этностордун кыргыз жараны идентүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз караштарына ар тараптуу талдоо жүргүзгөн. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынган:

**1-жыйынтык.** Идентүүлүк жана идентешүү түшүнүктөрү социалдык билимдердин алкагында каралып, ар бир илимдин чегиндеги түрдүү теориялык концепцияларда ары татаал, ары көп кырдуу идентүүлүк жогорку илимий деңгээлде ар тараптан салыштырылып биринчи ирет чечмеленгенин автордун илимий ишинин жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**2-жыйынтык.** Ата мекендик окумуштуулар идентүүлүктүн социалдык, кесиптик, үй-бүлөлүк, диний, маданий, демографиялык, топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкендигине карабастан, жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети болуп жетиштүү деңгээлде иликтенбеген жана ал этностук кесилиште салыштырылып биринчи жолу талданган.

**3-жыйынтык.** Социологиялык изилдөөлөрдүн, жаңы эмпирикалык материалдарынын негизинде эгемендүүлүк учурундагы кыргыз коомундагы жарандык идентиктин калыптанышы, анын жүрүшүндөгү тоскоолдуктар биринчи жолу талданып, жарандык идентүүлүк башка - аймактык, уруулук, этностук идентүүлүктөрдөн үстөмдүк абалга жете электиги аныкталган.

**4-жыйынтык.** Этностук топтордун жарандык идентүүлүк жана идентешүү деңгээли ар түрдүү экендиги, өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары толук аңдап жете электиги диссертанттын өздүк изилдөөнүн эмпирикалык материалдарынын негизинде биринчи жолу ишенимдүү айкын болгон.

**5-жыйынтык.** Жаштардын ааламдашуу шартында дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциясы салттык жарандык идентүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүлүп чыгаруу тобокелдиги изилденип, псевдо баалуулуктардын таасиринде калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданияттын дөөлөттөрүнө суугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муундун калыптануу кооптуулугу каралган. Жарандык идентүүлүк темасы кыргыз социология илиминде мурда бул багытта комплекстүү изилденген эмес.

**6-жыйынтык**. Диссертанттын бул эмгегин теориялык булактарга жана эмпирикалык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку теориялык деңгээлде даярдалган илимий иш деп эсептөөгө болот. Бул аракет иштин ар бир жыйынтыгынын жана корутундусунун негиздүүлүгүн, далилдүүлүгүн, ишенимдүүлүгүн ырастап турат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын ички биримдигин актуалдуу маселени чечүүгө багыттуулугун баалоо.**

Камчибекова Саипжамал Молдошевнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы логикалык байланыштагы, ички бүтүндүктө жазылган. Аны жаңы илимий эмгек катары мүнөздөсө болот, анткени анын корутундулары социология илимдеринин ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүк XX кылымдын аягында алдыңкы планга чыгып, азыр калыптануу мезгили толук аяктай элек. Коомдун келечектеги өнүгүшүндө жарандык иденттиктин орду жана ролу логикалык бүтүндүктө каралып, актуалдуу маселе болгон кыргыз мамлекеттүүлүгүн бекемдөөдөгү анын мааниси көрсөтүлгөн.

С.М.Камчибекованын диссертациялык иши Кыргызстандагы жарандык иденттүүлүктүн абалы, жана келечектеги өнүгүшүн негиздүү, комплекстүү изилдөөгө алган илимий эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана муниципалдык бийлик органдврынын ишинин натыйжалулугун жогорулатууда, алардын коомдогу ордун көтөрүүдө жана Кыргыз жараны иденттигин калыптандырууда, аны коомдо терең жайылтууда өлкө боюнча колдонууга болот.

Ошондуктан, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыккан актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Диссертациянын натыйжалары, эмпирикалык изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор жарандык иденттүүлүккө арналган маселелер боюнча атуулдарды жарандык иденттештирүү саясатынын иш-чараларын иштеп чыгууга, жарандык улутту калыптандыруу ишин мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Диссертант тарабынан 2013-жылдан баштан изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүп, аларды сандык жана сапаттык социологиялык методдорду колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Статистикалык маалыматтар жана изилдөө темасын чагылдырган эмгектер документтерди талдоо методун колдонуу менен ишке ашкан. 2016-жылы диссертациянын темасы боюнча "Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында" деген темада Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча социологиялык массалык сурамжылоо жүргүзгөн. Анда түрдүү этностук топторду камтыган жергиликтүү калкка 1200 респондентке массалык анкеталык сурамжылоо жүргүзүлгөн. Алынган жооптор SPSS-22 атайын программасында машиналык кайрадан иштеп чыгылган. Географиялык курчоосу: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарын камтыган. Сурамжылоодон топтолгон материалдар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданган.

Бул изилдөөнүн материалдары окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо, жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ишин жакшыртуу үчүн колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле келечекте жарандык иденттүүлүк тармагындагы маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги иш-чараларды, документтерди иштеп чыгууга, идентештирүү ишиндеги методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын коомдун мекенчилдик баалуулугун жогорулатуудагы иштеринде жана жарандык идентештирүүдө изилдөөнүн натыйжаларын жана иштелип чыккан сунуштарын ишенимдүү колдонууга мүмкүн.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде иденттүү мазмундагы резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациялык темага байланыштуу автордук жарык көргөн эмгектеринин мазмунунун диссертациянын илимий жыйынтыктарына, каралган жоболоруна, корутундусуна жооп бериши.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык, республикалык жана аймактык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордун 12 илимий макаласы, анын ичинен 4 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР УАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир кемчилдиктер орун алган. Ошондуктан каалоо иретинде төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Жарандык иденттүүлүктүн тил фактору менен байланышына кененирээк токтолсо изилдөө ишинин баалуулугу көтөрүлмөк.
2. Кыргыз жараны Концепциясынын алкагындагы аткарылып жаткан иш-чаралар ачып берилген эмес. Бул изилдөө иштин маанисин дагы жогорулатмак.
3. Диссертациянын текстинде кээ бир орфографиялык, техникалык каталар кездешет, аларды оңдоп кайрадан карап чыгуу зарыл.

Бирок аталган кемчиликтер диссертациянын жогорку илимий деңгээлин төмөндөтө албайт.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун талаптарына шайкештиги.**

Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы өз алдынча даярдалган илимий жыйынтыктары ынанымдуу, социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо турган илимий эмгек болуп саналат. Ошондуктан анын автору социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептеймин.

**Жусуп Абдрахманов атындагы**
**Кыргыз Республикасынын**
**Президентине караштуу**
**Мамлекеттик башкаруу**
**академиясынын Мамлекеттик**
**башкаруу жана укук кафедрасы,**
**социология илимдеринин кандидаты,**
**доцент** **А.К. Мусаева**

А.К. Мусаеванын кол тамгасын тастыктайм
АРӨБ башчысынын уб. м.а. Молдокулова Г.А.

АДАМ РЕСУРСТАРЫН ӨНҮКТҮРҮҮ БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ РАЗВИТИЯ ЧЕЛОВЕЧЕСКИХ РЕСУРСОВ